**БЕКИТЕМИН**

Илим-изилдөө институтунун директору

Калчакеев К.Б.

-ж.

**Илим-изилдөө жана эксперименталдык лабораториясынын»**

## ЖОБОСУ (РЕГЛАМЕНТИ)

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Регламент лабораториянын укуктук статусун, максаттарын, башкаруу тартибин жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштурууну аныктайт.

1.2. Лаборатория "Фундаменталдык, колдонмо изилдөөлөр жана инновациялык технологиялар" илим-изилдөө институтунун (мындан ары – институт) структуралык бөлүмү болуп саналат жана өз ишинде институттун илимий кеңешине отчет берет.

1.3. Лаборатория өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын «Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий – техникалык саясат жөнүндө» Мыйзамынын, институттун жобосунун жана ушул регламенттин негизинде жүргүзөт.

### 2. Негизги илимий багыттар, максаттар жана милдеттер

**Максаты:** Заманбап жүрөк хирургиясын моделдөө, андан кийин жаныбарлардын жүрөк хирургиясына колдонуу аркылуу илимий натыйжалуулукту жогорулатуу.

**Негизги милдеттери:**

- Кардиохирургия жана жаңы технологияларды иштеп чыгуу жаатындагы илимий изилдөөлөр.
- Билим берүү жана саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук жогорку окуу жайлары үчүн окутуунун жаңы программасын иштеп чыгуу.
- Көндүмдөрдү практикалоо үчүн симуляциялык окутуу борборун жана эксперименталдык операциялык бөлмөнү түзүү.

- Эксперименталдык операция бөлмөсүндө жаныбарларга операция жасоо.
- Институттун илимий темаларынын алкагында гранттык долбоорлорго катышуу жана илимий макалаларды (Scopus, Web of Science) жарыялоо.

## 3. Башкаруу жана түзүм

**аборатория башчысы:** Институттун директорунун буйругу менен дайындалат жана өз ишин **коомдук башталышта (акы төлөнбөгөн негизде)** жүргүзөт. Ал лабораториянын илимий багытын аныктайт жана жалпы координациялоо үчүн жооптуу.

**абораториянын мүчөлөрү:** Лабораториянын курамына илимий изилдөөгө кызыкдар болгон Институттун кызматкерлери, окутуучулар жана изилдөөчүлөр **ыктыярдуу негизде** кире алышат. Мүчөлөрдүн тизмеси лаборатория башчысынын сунушу менен Институттун директору тарабынан бекитилет.

**дминистративдик колдоо:** Лабораториянын ишмердүүлүгүн жалпы көзөмөлдөө жана анын натыйжаларын институттун планына интеграциялоо Институттун директору тарабынан ишке ашырылат.

## 4. Илимий-изилдөө ишинин тартиби

4.1. Лабораториянын иши Институттун Илимий кеңеши тарабынан бекитилген беш жылдык жана жылдык пландардын негизинде жүргүзүлөт.

**Семинардык иш:** Шейшемби күндөрү (же макулдашылган күнү) лабораториянын илимий семинары өткөрүлөт. Семинарда аспиранттардын, ординаторлордун, жана студенттери отчеттору угулат.

**Отчеттуулук:** Ар бир кызматкер квартал сайын аткарылган иштер боюнча (жарыяланган макалалар, иштелип чыккан программалар) Лаборатория башчысына маалымат берип турат.

4.4. Лаборатория башка илимий мекемелер жана ЖОЖдор менен биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүүгө укуктуу.

## 5. Мүлк, программалык камсыздоо жана маалыматтык коопсуздук

5.1. Лабораториянын балансындагы компьютерлер жана приборлор бир гана илимий жана окуу максаттарында колдонулат.

**Маалыматтарды сактоо:** Илимий маалыматтардын коопсуздугу үчүн жума

сайын маалыматтарды архивдөө жүргүзүлөт. Жашыруун же автордук укук менен корголгон маалыматтарды сыртка чыгарууга тыюу салынат.

**6. Коопсуздук техникасы жана эмгек тартиби**

6.1. Кызматкерлер компьютердик техника менен иштөөдө электр коопсуздугунун эрежелерин сактоого милдеттүү.

6.2. Лабораторияда жумуш убактысы Институттун ички тартибине ылайык белгиленет.

6.3. Эксперименталдык же методикалык иштер учурунда ординаторлор же студенттер келсе, алардын коопсуздугуна жооптуу кызматкер дайындалат.

**7. Интеллектуалдык менчик**

7.1. Лабораториянын ишинин алкагында түзүлгөн продуктулар, алгоритмдер жана методикалык куралдар Институттун интеллектуалдык менчиги катары таанылат (эгерде өзүнчө келишимде башкача каралбаса).

Авторлор илимий эмгектерде өздөрүнүн автордук укуктарын коргоого жана лабораториянын атын туура көрсөтүүгө милдеттүү.

**8. Жыйынтыктоочу жоболор**

8.1. Бул Регламентке өзгөртүүлөр Институттун Илимий кеңешинин чечими менен киргизилет.

8.2. Регламенттин түп нускасы Институттун дирекциясында, көчүрмөсү Лаборатория башчысында сакталат.

**Макулдашылды:**

Лаборатория башчысы:

м.и.к., доцент м.а. ________ Кадыралиев Саматбек Орозбекович